**Амбулатордук деңгээлде жеңилдетилген дары-дармек менен камсыз кылуу жөнүндө 2024-жылдын 9- айдын жыйынтыгы боюнча маалымат**

**ҮДТ/ҮМБ дарыгерлер тарабынан 2024-жылдын 9 айынын жыйынтыгы боюнча 1247,9 миң.** жеңилдетилген рецептер жазылды. Анын ичинде Ош облусу боюнча жазылган рецептер 24% түздү (302,1 миң.), Жалал-Абад облусу боюнча - 18% (227,5 миң), Бишкек шаары боюнча 16% (194,4 миң), Ысык-Көл облусу -9% (108,3миң), Чуй облусу 10% (128,6 миң), Баткен облусу - 14% (176,7 миң), Талас облусунда - 4% (47,3 миң), Нарын облусунда - 5% (63,0 миң.).

Жеңилдетилген рецепттер боюнча сатылган дары каражаттарына отчет мезгилинде, ММК фондунун каражатынан орду толтурулган сумманын көлөмү 324,6 млн. сомду түздү анын ичинде, Ош облусу боюнча 71005,3 миң сом (22%), Бишкек шаарында 54796,6 миң сом (17%), Жалал-Абад облусу 70091,9 миң сом (22%), Чуй облусу 40901,9 миң сом (13%), Ысык-Көл облусу 22886,9 миң сом (7%), Баткен облусу 36495,0 миң сом (11%), Нарын облусу 17222,2 миң сом (5%), Талас облусу боюнча 11154,2 миң сом (3%).

**Калктын камсыздандырылган категориясына 1174 миң жеңилдетилген рецепттер (94%)** жазылып берилген. Анын арасында жазылып берилген рецепттердин максималдуу санын пенсионерлер түздү - 328,3 миң рецепт же 28%, иштегендер жана жеке ишкерлер - 236,3 миң. (20%), балдар жана студенттер 87,5 миң. (7%), социалдык жөлөк пул алуучулар 63,7 миң рецепт (5%), фермерлер - 146,2 миң рецепт (12%), кош бойлуу аялдар – 223,2 миң рецепт (19%) ж.б.

Калктын камсыздандырылган категориясына берилген рецепттер жана сатылган дары-дармектер үчүн компенсациянын суммасы 297,4 млн. сомду түздү. Жарандардын социалдык категориялар боюнча орду толтурулган сумма төмөнкүдөй болду: максималду пенсионерлерге 78655,2 миң сом (26%), ишегендерге 63183,5 миң сом (21%), социалдык жөлөк пул алуучуларга 18813,6 миң сом (6%), балдарга жана студенттерге 25232,0 миң сом (8%), кош бойлуу аялдарга 48430,4 миң сом (16%) ж.б.

**Жеңилдетилген категориядагы ооруулууларга 73,9 миң рецептер (6%)** жазылган анын ичинде, койулган диагноздордун арасында оорулууларды дарылоо үчүн жазылып берилген рецептердин саны талма менен ооругандарга 26,1 миң рецепт (35%) түздү, бронхиалдык астма менен ооругандарга 19,2 миң рецепт (26%), онкологиялык оорулууларга 10,3 миң (14%) рецепт, психикалык оорулууларга 18,3 миң рецепт (25%).

Жеңилдетилген категориядагы ооруулууларга сатылган рецепттери жана дары-дармектер боюнча компенсациянын суммасы 27,2 млн. сомду түздү. Анын арасында бронхиалдык астма оорулууларга 6072,7 миң. сом (22%), талма 8137,2 миң. сом (30%), онкология - 8306,8 миң. сом (31%), аффективдик бузулуулар жана параноялык шизофрения менен ооругандарга 4686,0 миң. сом (17%) түздү.

**МКП рецепттери боюнча сатылган дары-дармектердин ордун толтуруунун орточо деңгээли 88%ды, КП ММК рецепттери боюнча - 60%ды түздү.**

1-октябрга карата дарыканалар менен ММК Фондунун ортосунда түзүлгөн келишимдердин саны 180 түздү, анын ичинде дарыканалардын чекене тармагы 1111 сан түзду - 288 дарыкана, 823 дарыкана пунктары. Ошол эле учурда ҮДТ иштеген 173 калктуу конушта жеңилдетилген электрондук рецепттер менен иштеген дарыканалар жок. Андан тышкары, баңгизаттарды сатууга 58 уруксат кагазы бар.